# Журналисттер үчүн шайлоо боюнча чакан окуу куралы

## Баш сөз

Бул окуу куралында шайлоо өнөктүгүнүн маалындагы ЖМКлардын ишмердүүлүгүнө байланыштуу айрым гана учурлар каралды. Мурдагы шайлоолордогу кыргызстандык медиалардын иш-алып барышына сереп салсак, так ушул учурлар эң көп маселелерди жаратып келгенин байкайбыз.

## Маалыматка жетүү

Ар бир ЖМКнын ишинин негизи жана максаты болуп маалымат эсептелет. Маалыматка жетүү маселеси шайлоо сыяктуу маанилүү коомдук-саясий учурларда өзгөчө курчуйт.

Кыргызстанда маалыматка жетүү маселесин тескеген толтура мыйзамдар бар: «ММК жөнүндө», «Маалыматка жетүү жөнүндө», «Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндө», «Маалыматка жетүү кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө», «КР мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүү жөнүндө» ж.б.д.у.с. мыйзамдар. Бул актылар шайлоо өнөктүгү учурунда да колдонулат.

Бирок КР Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамда (мындан ары – Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзам) шайлоо өнөктүгүнүн маалында журналисттердин маалыматка жетишин кошумча турда жөнгө салган айрым нормалар да каралган. Мисалы, БШКда аккредитация алган ЖМК өкүлдөрү, аккредитация албаган кесиптештерине салыштырмалуу маалыматка жетүү жагынан көп артыкчылыктарга ээ болушат.

БШКда аккредитация алгандардын төмөнкүдөй укуктары бар:

1) шайлоо комиссияларынын жыйындарына катыша алышат;
2) шайлоо комиссияларынын протоколдору менен тааныша алышат;
3) шайлоо комиссияларынан протоколдун жана ага тийиштүү документтердин көчүрмөлөрүн ала алышат;
4) шайлоого даярдык учурунда фото-, видео материал тарта алышат, ал эми добуш берүү болуп жаткан күнү участкалык комиссиянын төрагасы белгилеген жерде шайлоочулардын тандоо сыры ачылбагандай кылып материал тарта алышат.

Бул жерде белгилей кете турган жагдай - ЖМКнын журналисттеринин аккредитациясы жок болсо да, үгүт иштерине катышпаса да ал ЖМК башкалар менен бирдей эле шайлоолорду чагылдыра алат. Бир гана анын журналисттери аккредитация алган башка журналисттерге караганда шайлоого байланыштуу маалыматка жетүү жагынан азыраак мүмкүнчүлүктөргө ээ болот. Бирок бул жерде көп нерсе БШКнын басма сөз кызматынын иш алып барышына жана анын ошол ЖМКларга болгон мамилесине көз каранды.

## Кабарландыруу жана үгүт жүргүзүү: чек арасын аныкташ кыйын

Үгүт материалдары кайсы бир партиянын шайлоо фондунан гана каржыланышы керек. Эгер ЖМК түпкү маңызынан алганда үгүт болгон материалды жарыяласа, бирок ал шайлоо фондунан эмес, башка булактардан каржыланса, анда бул мыйзам бузуу болуп эсептелет жана үгүт материалын

жарыялаган ЖМКга чара көрүлүшү ыктымал. Ошондуктан кабарландыруучу материалдарды даярдап жаткан учурда анда үгүт материалдарга тиешелүү нерселер кезикпешине көңүл буруш керек.

Мурдагы шайлоо өнөктүктөрүнүн учурундагы ЖМКлардын иш алып барышына назар салсак, журналисттерге кабарландыруу менен үгүттөөнүн ортосундагы чекти так аныктоо өзгөчө кыйын болуп келгенин байкайбыз. Бул чекти билбестен бузуп албайлы, бизге каршы мыйзамдык чара көрүлбөсө экен деп чоочулаган айрым ЖМКлар шайлоо тууралуу эч бир маалымат бербегенге аракет кылган учурлар да болуп жатты. Башкалары болсо атайынбы, же билбестиктенби, үгүттүк болуп эсептелген материалдарды маалыматтык материал катары берип жатышты. Үгүттөө менен маалымдоонун чеги каякта экенин аныктаганга аракет кылып көрөлү.

Мыйзамга ылайык, шайлоону маалымат жагынан камсыз кылуу өзүнө шайлоочуларды кабарландырууну жана шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнү камтыйт. Алардын максаты: *"жарандардын эркин аң-сезимдүү билдирүүлөрүнө жана шайлоонун айкын өтүшүнө"* өбөлгө түзүү.

Шайлоочуларды кабарландырууга төмөнкүлөр кирет: *"шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын иши, шайлоо участоктору, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби, добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби жөнүндө маалыматтарды даярдоо жана таркатуу боюнча иш; талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (партиялар), алардын программалары жөнүндө, кайсыл бир талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (партияларга) артыкчылык бербеген жана тигил же бул талапкер, саясий партия үчүн же болбосо аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган расмий маалыматты даярдоо жана таратуу боюнча шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши".* Ошону менен катар, *"жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылган же башка ыкма менен таратылган маалыматтык материалдардын мазмуну калыс, так болууга тийиш, талапкерлердин, саясий партиялардын теңдигин бузбашы керек, аларда кандайдыр бир талапкерге, саясий партияга артыкчылык берилбеши керек".*

Конституциялык мыйзамдын жаңы редакциясында кайсы **маалыматтык материалга** аныктама берилген – *"шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын иши, шайлоо участоктору, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби, добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби жөнүндө маалыматтарды камтыган басылма, көрмө-укма жана башка материалдар; шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (саясий партиялар), алардын программалары жөнүндө, кайсыл бир талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (саясий партияларга) артыкчылык бербеген жана тигил же бул талапкер, саясий партия үчүн же аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган расмий маалымат"*.

Шайлоо жөнүндө Конституциялык мыйзамда үгүт деп КР жарандарынын, талапкерлердин, шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде маалыматтарды даярдоо жана таратуу боюнча талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын

шайлоочуларды тигил же бул талапкерлер (талапкерлердин тизмелери) үчүн же аларга каршы добуш берүүгө түрткөн, же түртүү максаты бар иштери таанылат.

Аны менен катар мыйзамда үгүттүн белгилери көрсөтүлгөн.

*“Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:*

*1) тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөө;*

*2) айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоо билдирүү;*

*3) талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;*

*4) талапкерлердин кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарышына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу”.*

Ушундан соң кабарландырууну үгүттөн айырмалаган негизги нерсе - материалда “кайсы бир талапкерге же партияга ыктоо, жан тартуу” бар же жок экендигинде деген тыянакка келсек болот.

Эгер материалда кайсы бир талапкерге же партияга добуш берүүгө ачык чакырык болбогону менен, журналист шайлоо жарышынын бирөөсүнө жан тартып жатканы даана байкалып турса, анда мындай материал үгүт материалы катары таанылышы мүмкүн.

Мындай калыс эмес мамилени журналисттин баа берүүчү, сыпаттаган сөздөрдү жана сүрөттөөнү колдонгонунан ачыктаса болот.

Бирок айрым учурда мындай сөздөр, сүрөттөөлөр колдонулбай, материал бейтарап стилде жазылса да аны үгүттүк деп тааныса болот. Мындай материалдарга бир гана талапкер же партия, алардын жетишкендиктери (кара пиар учурунда, утулуштары) гана тууралуу макалалар кирет.

Ошол эле учурда материалда сын пикирдин болушу аны автоматтык түрдө үгүттүк деп тааныганга негиз түзбөйт. Эгер материалда, көбүнесе аналитикалык макалада, шайлоо алдындагы абалга, окуяга, партиялардын ишмердүүлүгүнө калыс баа берүү аракети болсо, аны менен бирге бир өңчөй “жаман-жакшылар” болбосо, мындай материалда баа берүү болушу мүмкүн. Бирок ар бир баа берүү фактылар менен тастыкталган. Мындай материалдын негизги өзгөчөлүгү – журналист бир талапкердин же партиянын пайдасына үгүт жүргүзүүнү эмес, шайлоочулардын абалга туура баа берип, туура тандоо жүргүзүшүнө жардамдашууну негизги максаты катары койгону.

Баа берүүчү пикирлер материалда болушу мүмкүн, эгер ал пикирлер цитата түрүндө берилсе жана алар маалымат булагынын же эксперттердин сөздөрү болсо. Андай материал үгүт материалы деп таанылбайт. Аны менен катар балансты сактоого (экинчи тараптын да пикири болушу абзел) аракет кылуу зарыл, ал эми ЖМКнын баяндоосу бейтарап болушу керек.

Белгилей кетүүчү жагдай - кабарландыруу менен каалаган ЖМК алектене алат. Ал эми үгүт кылыш үчүн ЖМК же интернет-басылма сөзсүз түрдө БШКдан атайын каттоодон өтүшү зарыл. Башкача айтканда алар БШКга тийиштүү арыз менен кайрылып, мыйзамда каралаган мөөнөттө (шайлоону дайындоо тууралуу расмий чечим жарыялангандан кийин 10 күндүн ичинде) эфирдик убакыттын жана басма беттин баасын жарыялап, аны БШКга тапшырышы керек.

Бардык белгилер боюнча үгүттүк болуп санала турган материал шайлоо фондунан төлөнүшү абзел. Болбосо чара көрүлүшү ыктымал.

## Шайлоону кантип чагылдырыш керек? Кыскача кеңештер

### (Журналисттердин эл аралык борбору даярдаган Шайлоону ЖМКларда чагылдыруу боюнча колдонмодон үзүндүлөр)

***Калыс болгула:***

- Ар-бир талапкерди жана маселени чагылдырууга бирдей мамиле кылгыла.
- Саясатчылардын ремаркаларын контекстте калтыргыла. Маалымат булагынын айткандарын так келтиргиле.
- Журналисттин мамилесин билдирген сөздөрдөн жана сүрөттөөлөрдөн качкыла.

***Шайлоону чагылдырып жатып:***

- Басма сөз жыйындары, чыгып сүйлөгөн сөздөр, митингдер менен гана чектелбегиле.
- Талапкерлер менен гана чектелбестен, программаларды, маселелерди да чагылдыргыла.
- Эгер талаш маселе бар болсо, иликтөө жүргүзгүлө, тараптардын айткандарын таразалаш үчүн келтирилген фактылар боюнча эркин эксперттерге кайрылгыла.
- Талапкер менен иштеп жатып иликтөө жүргүзгүлө, бул ага курч суроолорду берүүгө жардам берет.
- Эгер талапкер фактыларды келтирүүдө ката кетирсе, аны тууралаганга мүмкүнчүлүк бергиле, бир гана бул тууралуу окурмандарга билдириш керек.
- Ар түрдүү маалымат булактарын, жактоочуларды, оппоненттерди, эксперттерди колдонгула. Окурмандарга талапкердин программасы, ал шайланса кандай өзгөрүүлөр боло тургандыгы тууралуу маалымат бергиле.
- Кайсы бир адамдын айткандарын берип (цитаталап) жатсаңар, ал кайсы саясий көз караште экенин билдиргенди унутпагыла.

## Сурамжылоо менен иштөө

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамга ылайык, коомдук пикирди билдирген сурамжылоону жарыялоо же анын жыйынтыктары тууралуу маалымат берүү шайлоочуларды кабарлоонун бир түрү болуп эсептелет.

Сурамжылоонун жыйынтыктары дайыма шайлоочуларды кызыктырат, анткени алар абалды баалаганга, кимдин кандай шансы бар экенин аныктаганга жардам беришет – албетте, сурамжылоо бардык керектүү шарттарды сактоо менен туура жүргүзүлсө. Жашоо көрсөткөндөй, шайлоо алдында ар кандай сурамжылоолор көбөйүп кетет. Алардын көбү ишеним жаратпайт. Бул сурамжылоону жүргүзүүнү ким каржылаган, керектүү жоопторду алгандай кылып суроолор түзүлгөн эмеспи, шайлоочулардын демографиялык абалы туура эске алынганбы, ж.б.д.у.с. суроолорго жооп алуу өтө зарыл болот.

Айтылгандардын баары Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамда эскертилген:

*Шайлоого байланыштуу коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) учурунда, көрсөтүлгөн жарыялоону (чагылдырууну) жүзөгө ашырып жаткан жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, жарандар жана уюмдар пикир сурамжылоону жүргүзгөн уюмду же жеке жакты, анын жүргүзүлгөн убагын, сурамжылангандардын санын (иргелген), маалыматты чогултуу усулун, сурамжылоо жүргүзүлгөн аймакты, суроонун так баяндалышын, мүмкүн болуучу кемчиликтерге статистикалык баа берүүнү, сурамжылоону жүргүзүүнү табыштаган жана аны жарыялоого акы төлөгөн жакты көрсөтүүгө милдеттүү. Пикир сурамжылоонун жыйынтыктарын жарыялоо ушул берененин 5-бөлүгүнүн талаптарына ылайык келүүгө тийиш. (22-берене 5-бөлүк).*

*Добуш берүү күнүнө чейинки акыркы 5 календардык күндө, ошондой эле добуш берүү күнү коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка изилдөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоого (чагылдырууга) жол берилбейт. (22-берене 6-бөлүк).*

*Коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) учурунда ушул берененин 5 жана 6-бөлүктөрүнүн талаптары сакталбаса, андай маалыматтарды камтыган материалдар үгүттөө деп таанылат жана колдонуудагы мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келет (22-берене 7-бөлүк).*

Сурамжылоонун жыйынтыктарына аяр мамиле кылуу тууралуу талап КР журналисттеринин кодексинде да коюлган:

***18-берене.*** *Социалдык иликтөөлөрдүн мазмунун бурмалагыдай тандалма цитаталарды пайдаланууга жол берилбейт. Журналисттик сурамжылоолор да кайсы бир натыйжага жетүүнү көздөп бурмаланбоого тийиш...*

## Журналисттин укугу бузулду. Эмне кылыш керек?

Эгер журналист кесиптик ишин аткарып жатканда аны кимдир бирөө коркутса, же журналисттик ишине ар кандай түрдө жолтоо болсо, диктофонун, камерасын, даяр материалын тартып алса, ж.б.д.у.с. нерселер болсо, анда ал биринчи кезекте укук коргоо органдарына кайрылышы зарыл.

Ошону менен катар андай учурга туш болгон журналисттер төмөндө келтирилген уюмдардын бирине кайрылса жакшы болоор эле. Бул жагымсыз окуяны кошумча түрдө каттоого жана анын иликтенишине кийинчирээк көзөмөл кылганга шарт түзөт. Журналист керектүү кеңешти же башка жардамды дагы алалат.

| | | |
|---|---|---|
| «Медиа өнүгүү борбору» коомдук фондусу | 0312 66-30-06, 0312 66-30-09 | www.medialaw.kg |
| Медиа Акыйкатчы | 0312 961-960, 0312 961-962 | www.media.kg |
| «Медиа полиси институту» коомдук фондусу | 0312 961-960, 0558 554-432, 0555 789-205 | www.media.kg |
| «Журналисттер» коомдук бирикмеси | 0312 29-94-52, 0772 28-18-78 | www.journalist.kg |
| КР журналисттеринин көз карандысыз | 0220 63-11-23, 0555 92-34-61 | |

| | | |
|---|---|---|
| союзу | | |

## Кыскача

Шайлоого байланыштуу мыйзамчылыктагы жаңы нерселер.

**Майыптыгы бар адамдардын шайлоо укуктары**

Майыптыгы бар адамдар өзүлөрүнүн шайлоо укуктарын иш жүзүнө жеткиликтүү ашыра алышы үчүн жаңы кошумча шарттар каралган. Мисалы, талапкерлер, саясий партиялар жалпы нускасынын бир пайызынан аз эмес саны майыптыгы бар шайлоочулар үчүн окуганга ыңгайлуу чоңойтулган арипте, сурдокотормону же субтитрди колдонуу, ошондой эле Брайль арибин же атайын каражаттарды колдонуу менен басылып чыккан үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

Андан сырткары БШК маалымат материалдарды майыптыгы бар шайлоочулар үчүн сурдокотормону же субтатрди колдонуу менен укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) даярдалууга, окуу үчүн ыңгайлуу болгон, чоңойтулган арип менен басылып чыгууга, ошондой эле Брайль арибин же башка атайын каражаттарды пайдалануу менен даярдоого тийиш.

**“Шайлоочунун кабинет” онлайн кызматы**

Эгерде шайлоочу шайлоочулардын тизмегинде өзү тууралуу туура эмес маалыматтарды байкаса, же болбосо учурда жашап жаткан жери боюнча добуш бергиси келсе ал “Шайлоочунун кабинети” кызматын колдонуп электрондук түрдө арыз бере алат. Бирок ал мыйзамдарда белгиленген тартипте автордоштуруудан өтүүсү керек.

**Каржылык маалыматтар**

2019-жылы киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, көрсөтүлгөн, катталган талапкерлер жөнүндө, талапкердин жана саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы, талапкерлердин жана саясий партиялардын шайлоо фонддорундагы финансылык отчеттору жөнүндө шайлоочуларды маалымдоону Борбордук шайлоо комиссиясы жүзөгө ашырат.

**Обязанность публиковать предвыборную программу**

Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамга 2019-жылы киргизилген толуктоолор боюнча, талапкерлер жана саясий партиялар талапкерлер, талапкерлердин тизмеги катталгандан тартып 5 күндөн кечиктирбестен өзүнүн шайлоо алдындагы программасын кеминде бир республикалык мезгилдүү басылмага жарыялап, ошондой эле аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырышы керек.

**Өз алдынча маалыматтык бөлүктөр**

Маалымдоо менен үгүт материалдарын шайлоочулар так, даана айырмалай алышы үчүн мыйзамга жаңы өзгөртүүлөр киргизилген. Ага ылайык, *“маалыматтык теле жана радио программаларда, мезгилдүү басылмалардагы (менчигинин түрүнө карабастан) жарыялоолордо катталган талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтар, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы иш-чараларды өткөрүүсү жөнүндө билдирүүлөр өзүнчө маалыматтык блок катары, комментарийсиз берилүүгө тийиш. Мындай маалыматтык блокторго талапкерлер, финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр, саясий партиялар акы төлөбөйт.* ***Аларда кайсыл бир талапкерге же саясий партияга артыкчылык берилбөөгө тийиш, кайсыл бир талапкерди же саясий партияны, мунун ичинде анын шайлоо алдындагы ишин чагылдыруу убактысы, мындай билдирүүлөр үчүн берилген эфир убактысынын же басылма аянтынын көлөмү боюнча кодулоого жол берилбөөгө тийиш****”*.

Аталган нормада партиялар тууралуу маалыматтарды берип жаткан ЖМКлар жана интернет-басылмалар үчүн айрым кооптуу жагдайлар бар. Шайлоо жөнүндө мурдагы мыйзамда үгүт материалынын төмөнкүдөй белгиси каралган: *“Кайсы бир талапкер же партия тууралуу маалыматтар көз көрүүнө көптүк кылган кабарды таркатуу”*. Бардык эле талапкерлер же партиялар тууралуу маалыматтарга жетиш кыйын болгон кезде, материалды үгүт деп таануу коркунучу бар эле. Ушуга байланыштуу көп ЖМКлар тобокелге салгысы келбей, шайлоону чагылдыруудан качып турушчу. Үгүттүн бул белгиси Шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамдан алынып салынганы менен, жаңы киргизилген ***“...кайсыл бир талапкерге же саясий партияга артыкчылык берилбөөгө тийиш, кайсыл бир талапкерди же саясий партияны, мунун ичинде анын шайлоо алдындагы ишин чагылдыруу убактысы, мындай билдирүүлөр үчүн берилген эфир убактысынын же басылма аянтынын көлөмү боюнча кодулоого жол берилбөөгө тийиш”*** деген норма бардык саясий партиялар тууралуу маалымат болбосо, ЖМКлар кодулоого жол берилди деген айыптан чочулап, партиялар тууралуу эч бир маалыматтык материалдарды даярдабай коюшу мүмкүн.

**Дебаттарды жүргүзүүдөгү чектөөлөр**

Жаңы мыйзамчылыктын нормалары боюнча, катталган талапкердин же саясий партиянын өкүлдөрүнүн жана колдоочу топторунун Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагына берилген телерадио уюмдарынын каналдарында жүргүзүлүүчү биргелешкен үгүт иш-чараларына (дебаттарга жана башка ушуга окшогон иш-чараларга катышуусуна жол берилбейт.

Андан сырткары, *“талапкер, саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:*

*1) талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;*

*2) тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого;*

*3) кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия тууралуу маалыматтар көз көрүнөө басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;*

*4) талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга".* (28-берене, 6-пункт).

**Жеке менчик каналдардагы теледебаттар**

Үгүт иштеринин түрлөрүнүн ичинен "теле дебаттар" өзүнчө бөлүнүп каралат. Мурда да үгүттүн түрлөрү толук берилбесе да, жеке менчик каналдар үгүттү ушундай түрдө сейрек жүргүзчү. Ошол эле кезде теле дебат түрүндө үгүт иштерин жүргүзүүдө 28-беренин 6-пунктунда белгиленген чектөөлөр колдонулушу ыктымалдыгы бар. Андан сырткары теле дебаттар үгүттүн бир түрү болуп саналгандыктан, маалыматтык материалдарга тийиштүү ***"...кайсыл бир талапкерге же саясий партияга артыкчылык берилбөөгө тийиш, кайсыл бир талапкерди же саясий партияны, мунун ичинде анын шайлоо алдындагы ишин чагылдыруу убактысы, мындай билдирүүлөр үчүн берилген эфир убактысынын же басылма аянтынын көлөмү боюнча кодулоого жол берилбөөгө тийиш"*** деген нормалар бул учурда колдонулбашы мүмкүн.

**Концenttерге, спорттук иш-чараларга тыюу**

2019-жылдан баштап стадиондордо жана калктуу конуштардын көчөлөрүндө спорттук иш-чараларды, концерттерди жана театралдаштырылган оюндарды өткөрүү аркылуу үгүт жүргүзүүгө тыюу салынды.

**Шайлоо алдындагы үгүт материалдарын алдын ала төлөө**

2019-жылы киргизилген толуктоолор боюнча, тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала төлөбөстөн шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат. Андан сырткары талапкерлер, саясий партиялар шайлоо белгиленгенге чейин даярдаган үгүт материалдарын колднуу укугунан ажыратылат.

**Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтор**

Жаңы шайлоо мыйзамчылыгы боюнча, шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтор түзүлөт, алардын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет. Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топтун негизги функциялары – шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна карата ыкчам аракет көрүү жана көрүлүп жаткан чаралар тууралуу жарандарга маалымдоо болуп эсептелет.

**Төгүндөөнү жарыялоо боюнча интернет-басылмалардын милдети**

"Шайлоо жөнүндө" конституциялык мыйзамга киргизилген толуктоолорго ылайык, интернет басылмалар дагы билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишмердик беделине зыян келтирген маалыматтарды жарыялагандыгы үчүн төгүндөөнү жарыялоого милдеттендирилди. Төгүндөөлөр же

түшүндүрмөлөр жооп берилип жаткан маалымат ошол эле электрондук аянтчада, ошондой эле арип менен төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күнү жарыяланат.

**Төгүндөөнү жарыялабагандыгы үчүн каралган жоопкерчилик**

Шайлоо мыйзамчылыгына ылайык, талапкерге, саясий партияга шайлоо алдындагы үгүттөө мөөнөтү бүткөнгө чейин алардын кадыр-баркына зыян келтире турган маалыматты жарыялаган жалпыга маалымдоо каражаттарында ушул березенин 5-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттө талапкердин, саясий партиянын беделин коргоо иретиндеги төгүндөөнү же башка түшүндүрмөлөрдү жарыялоого мүмкүндүк берилбеши бул жалпыга маалымдоо каражаттарын, интернет-басылмаларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга жана Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитациядан ажыратууга негиз болушу мүмкүн. Бул норма колдонулса, ЖМКлар жана интернет-басылмалар сотко кайрылуу менен алар чын экенин далилдөө мүмкүнчүлүктөрүнөн айрылып, ири көлөмдөгү айып пулду төлөөгө аргасыз болушат[1].

**Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү укуктарын кыянаттык түрдө колдонуунун жаңы формалары**

Жаңы мыйзамчылыкта чет мамлекеттердин саясий жана мамлекеттик ишмерлери менен көпчүлүк катышкан иш-чараларды жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу менен өткөрүүгө тыюу салынат.

**Партиянын символикасын колдонгон жарнама**

Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде талапкерлердин аты-жөнүн же сүрөттөрүн пайдалануу менен коммерциялык жана шайлоо менен байланышпаган башка ишмердүүлүк жарнагын, ошондой эле талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын аталышын, эмблемаларын жана башка символикаларын пайдаланган жарнакты төлөө тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен гана жүргүзүлөт. Добуш берүү күнү жана добуш берүү күнүнөн мурунку күнү мындай жарнакка, анын ичинде шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн жарнакка жол берилбейт.

**Үгүт эрежелерин бузган талапкерлердин жана саясий партиялардын жоопкерчилиги**

Мурдагы мыйзамчылык боюнча, эгер талапкер же саясий партия “Шайлоо жөнүндө” Конституциялык мыйзамдын 22-28-беренелеринде каралган нормаларды буза турган болсо,

[1] “Бузуулар жөнүндө” КР Кодексинин 46-беренесине ылайык, шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангaнга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы үчүн жеке тараптардын 17500 сом, ал эми юридикалык тараптардын 55000 сом өлчөмүндөгү айып пулдуу төлөө каралган.

тийиштүү шайлоо комиссиясы аларга кат түрүндө эскертүү берүүгө укуктуу болчу. Ал эми кайсы бир талапкер же партия аталган талаптарды бир нече жолу буза турган болсо, БШК тийиштүү шайлоо комиссиясынын өтүнүчү боюнча же өзүнүн демилгеси менен талапкердин же талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим чыгарат эле.

Жаңы мыйзамчылыкта аталган чаралар көрүлө турган себептердин тизмеси азайтылган: ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелери бузулгандыгы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (актысы) менен ырасталган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Аталган бөлүктө КР мыйзамдары менен тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин кыянат пайдалануунун жолдору келтирилген.

**Саясий партияларды мамлекеттик каттоо**

2019-жылдагы толуктоолор боюнча, шайлоону дайындоо датасына чейин 6 ай мурда мамлекеттик каттоодон/кайра каттодон өткөн партиилар гана шайлоого катыша алат. Бул норма шайлоого катышуу үчүн гана түзүлгөн бир күндүк партияларды шайлоого катыштырбоо үчүн киргизилген.

**Жаңы шайлоо чек-ченеми тууралуу**

2020-жылдын 30-июнундагы жаңы өзгөртүүлөр боюнча КР парламентине жалпы республика боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын 7%дан көп алган партия гана өтө алат. Мурда бул чек 9%га барабар болчу.

## Пайдалуу даректер

| Аты-жөнү, кызматы | Байланыш маалыматтары |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы** | |
| **ШАЙЛДАБЕКОВА**<br>**Нуржан Кармабековна**<br><br>*КР БШКнын Төрагасы* | **0312 620821**<br>**(кабылдама)** |
| **ЭШИМОВ**<br>**Акылбек Жусупович**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0312 660191** |
| **БЕКМАТОВ**<br>**Абдыжапар Гапырович**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0312 66-03-19** |
| **ДЖУРАБАЕВА**<br>**Гульнар Курашбековна**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0312 620151,**<br>**0555 926925** |

| | |
|---|---|
| **АБДРАХМАТОВА**<br>**Атыр Болотбековна**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0550 988813** |
| **АСАНАЛИЕВ**<br>**Алмаз Турдакунович**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0312 626338,**<br>**0555 923832** |
| **БААТЫРОВА**<br>**Гүлнара Маришовна**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0312 626338,**<br>**0555 014141** |
| **ОСМОНАЛИЕВ**<br>**Кайрат Медербекович**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | **0312 62-62-90** |
| **САТЫГУЛОВ**<br>**Адилет Сатыгулович**<br><br>*КР БШКнын мүчөсү* | |
| *КР ЖКга шайлоого саясий партиялардан документтерди кабыл алуу боюнча жумушчу топ* | **Жетекчиси:**<br>Эшимов Акылбек Жусупович<br>**Катчысы:**<br>Кожокеева М.Д. – БШК аппаратынын шайлоо процессин уюштуруу башкармалыгынын шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн адиси<br>0312 62-08-29, 0707 01-71-53, 0556 23-60-64<br>kmahabat@shailoo.gov.kg |
| *Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъектилерин маалымдоо жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу топ* | **Жетекчиси:**<br>Бекматов Абдыжапар Гапырович<br>**Катчысы:**<br>Омуракунова А.А. – БШК аппаратынын маалыматтык бөлүмүнүн адиси<br>0312 66-54-52, 0554 20-29-46<br>pressa@shailoo.gov.kg |
| *Шайлоочулардан жана шайлоо процессинин башка субъектилеринен келип түшкөн билдирүүлөрдү жана арыздарды караштыруу боюнча жумушчу топ* | **Жетекчиси:**<br>Асаналиев Алмаз Турдакунович<br>**Катчысы:**<br>Уметалиев К.К. – укуктук камсыздоо бөлүмдүн сырттан тартылган адиси<br>0312 66-01-43, 0552 95-88-95,<br>umetaliev.kubat@mail.ru |
| *БШКнын алдындагы Контролдук-ревизиялык топ* | **Жетекчиси:**<br>Баатырова Гүлнара Маришовна<br>**Катчысы:**<br>Берикбаева К.К. – БШК аппаратынын шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн адиси<br>0312 66-01-18, 0552) 22-33-55,<br>keremet@shailoo.gov.kg |
| *Ыкчам аракеттенүүчү координациялык топ* | **Жетекчиси:**<br>Шайлдабекова Н.К. |

| | |
|---|---|
| | **Орун басары:**<br>Осмоналиев К.М.<br>**БШК ЫАКТтын катчылыгы:**<br>**Кыска номер - 1255,**<br>**WhatsApp: 0990 02-12-55,**<br>**Ишеним телефону - 0312 62-62-46**<br>**Коомдук кабылдама - 0312 66-02-40**<br>**Электрондук почта: kgor_cec@shailoo.gov.kg** |
| *Маалыматтык бөлүм* | **0312 665452**<br>**email: pressa@shailoo.gov.kg,**<br>**pr.shailoo@gmail.com** |
| *Шайлоолорду уюштуруу бөлүмү* | **0312 66-01-16, 0312 62-35-69** |
| *Укуктук камсыздоо бөлүмү* | **0312 620184** |
| *Иш кагаздарын алып баруу сектору* | **0312 620823, 0312626285**<br>**email: document@shailoo.gov.kg** |